*УДК 347.071(078.06) 60*
*DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_77*

***Жолмат кызы Д.,***
*К.Карасаев атындагы*
*Бишкек мамлекеттик*
*университети,*
*аспирант*

# КЫРГЫЗ АҢГЕМЕЛЕРИ ЖАНА АЛАРДЫН ИДЕЯЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Кыскача мазмуну**

*Макалада кыргыз адабиятынын тарыхында классикалык мураска айланып калган, окурман көп окуган аңгемелердин идеялык-тематикалык айрым өзгөчөлүктөрү тууралуу кенен сөз болот. Автор алардын жанрдык табиятына ылайык адамга гедонисттик таасир берүүчү күчү тууралуу баяндайт. Макалада кыргыз адабиятынын отузунчу-элүүнчү жылдарындагы аңгемелери мисалга тартылган, алардын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрү тууралуу айтылат. Макалада аңгемелер аркылуу жамандан жакшыны, ырайсыздан сулууну, зомбуктан акыйкаттыкты ажырата билүү кенири баяндалат. Дайыма жакшылык менен жамандык чогуу жүрөрү, ар бир адамдын элесине согуш окуяларын тартып, мекенчил сезимдерин козгогон, адилет, таза сүйүү менен зордуктун ортосундагы курч күрөш сүрөттөлөт. Жаш жүрөккө кетпес так салган баягы тентиген турмуштун элеси уктап баратканда да коз алдынан кетпейт.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *аңгеме жанры, идеялык-тематикалык багыт, мекенчилдик, пейзаж, сюжет жана композиция, көркөм образ, романтикалык тема, кульминация, мурас, өзгөчөлүк*

# ОБ ИДЕЙНО-ТЕМАТИЧЕСКИХ ОСОБЕННОСТЯХ КЫРГЫЗСКИХ РАССКАЗОВ

**Аннотация**

*В статье акцентируется внимание на широкий круг представлений об идеологических и тематических особенностях наиболее читаемых рассказов, ставших классическим наследием в истории кыргызской литературы. Автор статьи описывает их жанровую природу, выявить внутрижанровые разновидности, идейно-тематическое и художественно-стилевое своеобразие произведений, показать писательское мастерство и творческую оригинальность авторов. В статье приводятся рассказы наиболее известных и популярных авторов в кыргызской литературе, рассматриваются их идейно-тематические особенности. Указывается на то, что первые образцы кыргызской реалистической прозы стали появляться в кыргызской литературе именно в жанре рассказов, что рассказ, прежде всего, характеризуется малым объемом, ограниченностью сюжетных линий, которым свойственна эволюция, обуславливаемая развитием литературы и общества.*

***Ключевые слова:*** *сюжетный жанр, идейно-тематическое направление, патриотизм, пейзаж, сюжет и композиция, художественный образ, романтическая тема, кульминация, наследство, особенность.*

# ON THE IDEOLOGICAL AND THEMATIC FEATURES OF KYRGYZ STORIES

**Abstract**

*The article focuses on a wide range of ideas about the ideological and thematic features of the most read stories, which have become a classic legacy in the history of Kyrgyz literature. The author of the article describes their genre nature, identify intra-genre varieties, ideological-thematic and artistic-stylistic originality of works, show the writing skills and creative originality of the authors. It is indicated that the first samples of Kyrgyz realistic prose began to appear in Kyrgyz literature in the genre of stories, that the story is primarily characterized by a small volume, limited plot lines, which are characterized by evolution, conditioned by the development of literature and society.*

***Key words:*** *plot genre, ideological and thematic direction, patriotism, landscape, plot and composition, artistic image, romantic theme, culmination, inheritance, feature.*

Акыркы мезгилдерде китеп окулбай калды, аны компьютер технологиясы, андагы интернет булактары алмаштыруу аракетинде болуп жатат, бирок, тээ илгертен бери келе жаткан адамдын жан дүйнөсүнө таасир этүүнүн бирден бир жолу болгон китеп, көркөм адабият дале болсо коомдо өз актуалдуулугун жогото элек. Бизден мурдагы муундун көркөм адабиятка болгон кызыгуусун азыр биз тамшануу менен кабыл алып калдык. Көрсө алар жомоктор, алардын сюжетинин негизинде жазылган чыгармалардан кийин эле улуу жомокчу Г. Н. Андерсендин «Кар ханышасы» деген аңгемеси менен таанышышыптыр. Идеялык мазмуну жагынан бул кадимки эле укмуштуу-кереметтүү жомокторго окшош. Жамандан жакшыны, ырайсыздан сулууну, зомбулуктан акыйкаттыкты ажыратып билүүдө бул жомоктун мааниси зор болгондугун көп ирет уктук. Улуу жомокчунун чыгармаларында дайым жакшылык менен жамандыктын элдешпес күрөшү берилгендигин айтып калышаар эле.

Анын чыгармалары жомок болсо да (а чынында жомоктун негизинде жазылган аңгеме) кадыресе турмушка жакын. Бул чыгарманы окууда андагы негизги идеяны түшүнүүдө адам анчалык деле кыйналбайт. Андерсендин аңгемелерине удаа эле кыргыз жазуучусу Кусейин Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар» аңгемесин окушат. Ошондогу кыргыз адабиятындагы балдар үчүн жазылган биринчи фантастикалык аңгеменин идеялык мазмунун түшүнүү деле ошондогу мектеп балдары үчүн анчалык татаал болбоптур. Ал эми «Чолпонбай», «Мурат», «Ал эми жетим эмес», «Зарлык», «Кыйын кезең», «Пайдага чечилген чатак» сыяктуу аңгемелерди окугандар ушул аңгеме жанрынын чакан жанр болгону менен көп нерсеге жөндөмдүү экендигине көздөрү жеткен. Алардын көпчүлүгү очерк түрүндө болсо, айрымдары баяндоо ыкмасындагы чакан аңгемелер эле. Арийне, бул аңгемелердин ар биринин өзгөчөлүгү бар. Айталы, улуу жазуучу Түгөлбай Сыдыкбековдун «Пайдага чечилген чатак» аңгемеси бригадир Борбук менен жылкычы Келдибектин чыгармада сүрөттөлгөн «чатагында» өз ишине өтө берилген, бир эле маселени эки башка түшүнүшкөн адам мүнөздөрү, алардын аракет-кыймылдары, диалогдору аркылуу ачылат. Ал эми аңгемеге караганда очеркке жакыныраак жазылган жазуучу К. Жантөшевдин согуш темасындагы «Чолпонбай» чыгармасында: «Дал ошол секундда Чолпонбай чыгыш тарапты бир карады. Алда кайдан аркайган Ала-Тоо карап тургансыйт, калдайган кыргыз эли “талкала жоону”,— дегендей, кол булгалагансыйт. Ак асаба кызыл туусун кармап, айгайлаган ызы-чуусун салып, Аккуласын алкынтып, кырк чоросун жулкунтуп, баатыр Манас келе жаткансыйт. Анын оң тарабында казактардын хан Көкчө, сол жагында Төшүк, өзбек ханы Санжыбек, түркмөн ханы Музбурчак» деген жомоктук жорго сөз менен автордук баяндоо басымдуу. Мындай темадагы чакан аңгемелер ар бир адамдын элесине согуш окуясын тартып, анын мекенчил сезимдерин козгобой койбойт.

Дегинкиси, чыныгы аңгеменин талаптарына жооп берүүчү прозалык чыгармалардын эң алгачкыларынын бири — жазуучу А. Токомбаевдин «Күүнүн сыры» аңгемеси. Аңгеме жөнүндө сөз кылганда тике эле К. Асаналиевдин: «Элдик байыркы уламанын негизинде жазылган бул аңгемени жанрдык жагынан алып караганда проза менен жазылган лирикалык-романтикалык аңгеме деп тайманбай айтууга болот… Анткени тоо суусундай ташкындаган лирикалык күчтүү агым кичине, чакан чыгарманын бүткүл майда кан тамырына чейин тараган. «… Күүнүн сыры» — кыргыз элинин өткөн муңдуу турмушу жөнүндөгү символикалык чыгарма» [1, 61–62 б.].

Аңгемеде дөгүрсүгөн, колундагы чексиз бийлиги менен малына чиренген, Кызыл буурул аты менен Ак чагыр барденкесине менменсиген ала көөдөн «баатыр» менен таза ак сүйүүнүн ортосундагы курч күрөш сүрөттөлөт. Автор байыркы элдик уламыштын көркөмдүк күчүн ошол бойдон толугу менен аңгемеде бере алган. Чыгарма узак жолдогу карыянын аңгемесинен башталат. Оозунан бал тамган карыя сөз берметтерин төгө берет да, анын кеби окурманды «арбай баштайт». Саймалуу сөз «жол азабын жеңип, узун жолду кыскартат. Бул чакан аңгемени окуган адамдын биринчи таанышканы — «…кабагына караганда качандыр атактуу баатыр болгондой түрү бар, көздүн чарасы тереңден көрүнгөн кудуктай, кареги араң эле жылтылдаган, мурду берендин тумшугундай болуп, тиши жок оозуна карай имерилген өлчөмсүз чоң жана толук жүзүнө караганда анчалык кары эмес, бирок калдайган купкуу этсиз кулагы, оркойгон арык мурду карылыгын алда кайдан далилдеген олчойгон сары киши». Эзелки мурастай көрүнгөн, бир караганда турушу менен табышмактуу карынын урунган буюму да өзүнө төп, өзүнө шайма-шай. Колундагы комузу карыя жөнүндө кошумча түшүнүк берип тургансыйт. Эзелкинин эстелиги сыяктанган ошол комуз да бир көргөн кишинин эле көңүлүн өзүнө бурат. «Колундагы өрүктөн жасалган комуз карыя менен эбактан бери жолдош болгон сыяктуу кара күрөң тартып чыныгып бүткөн». «Нөөкөрлөнгөн кең өтүгүнүн essence кончунан килейген мүйүз чакчасын сууруп алып, алкактай жез чагарагын шаркылдатканы» болбосо, карыя кепке да сараң. Анын кезек-кезек гана: «Ии, балам! Элиңер эсен жатабы? Ии, балам! Эмне өнөрүң бар?» — дегени, насыбай атымда бир күүнү он кайрып черткени окурманга чоң таасир калтырат. «Карыя улам-улам күүсүнүн башынан түшөт. Анын ниети ошол гана күүнүн айланасында тургандай. Эл күүнү тыңшайбы, жокпу, аны менен жумушу жок, өзүнө-өзү макул, бул жерде өзүнөн башка эч ким жоктой»…

Чыгармада окуянын өнүгүшүнө ошол окуяны башынан өткөргөн карыя менен жолоочу жигиттин маеги шарт түзөт. Жазуучу негизги окуяны баяндоодон мурда бир канча даярдыктардан өткөрөт. Ансыз жок жерден чыга калган окуяга окурмандын ишениши кыйын. Аңгемедеги бардык окуя үч гана кишинин: Кызыл Буурул аты менен Ак чагыр мылтыгына сыйынып, менменсинген ала көөдөн «алачыктай баатырдын», акылдуу, намыска бекем, ошол убактагы түзүлүшкө тайманбай каршы чыккан баатыр кыздын жана дүйнө капар, бейкут турмушу бузулуп башы байланып кул болуп келген жаш баланын айланасына топтоштурулган. Эртели-кеч чертиле берип, эч ким да капарына албай калган Зарлыктын күүсүнүн сыры да ошол окуяны баяндоо менен чечилет.

Көркөм адабиятка кызыккан ар бир зээндүү окурман Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестиндеги Данияардын обонун унутпайт. Ал гана эмес айрым окурман казак жазуучусу Ильяс Жансүгүровдун «Күйчү» поэ-

масы менен да тааныш. Даниярдын обону менен домбурачынын күүлөрүндө не деген күч, не деген сыр бар эле! Ырас, булардын баары ошол чыгарманын ар биринин жазылган убагына ылайык салыштырылганда гана өз баасында болмок. А. Токомбаевдин Зарлыгынын күүсү менен Жансүгүровдун домбурачысынын күүсүндө сырткы окшоштуктар бар. Алардын экөөнүн тең күүсү — адилетсиз турмушка каршы чертилген.

Ошентип, аңгемеде адилет, таза сүйүү менен зордуктун ортосундагы курч күрөш баяндалат. Он жашка чыккан Зарлык алачыктай болгон кызыл буурул ат минген «баатырга» туткун болду. Мына ушул жерден эле «баатырдын» мүнөзү ачыла түшөт. Болбосо ашкан «баатыр» да бейкүнөө, күчсүз-алсыз, жылкы сугарганын чоң иш көргөн балага кол салмак беле? «Баатырдын» сөзү да заардуу, кичине бала менен чоң душманындай сүйлөшөт. Кенедей баланы табалап сүйлөгөнү да байкалып турат. «Унчукпай жүр! Ыйласаң, өлтүрөм! Менден эч нерсе сураба. Оозуңду ачып сүйлөсөң өлөсүң!» Атактуу «баатырдын» балага кылган мамилеси ушул. Ал эми кыздын айылына келгенде эрегишкен жоосун жеңип, бир элдин белгилүү чыгаан баатырын байлап келгендей: «Мына, баягыңар! Алгыла!» — деши да анын табиятын таанытат. Мына ушундай колунда чексиз бийлиги, куралы да бар, астында качса кутулуп, кууса жетчү аты да бар, өзүнүн максатын орундатыш үчүн эч нерседен кайра тартпаган, бир жагынан ала көөдөн, бир жагынан жеткен кекчил, ары сараң, ары өзүмчүл «баатырга» он-ондон өрүлгөн көмүрдөй кара чачы эчен имерилип, тал-талынан өрүлгөн, жубардай ак, ары назик, ары наздуу, кирдүү кол менен кармагыс, бирок ашкан баатыр кыз» каршы чыкты.

«Баатыр» менен кыздын биринчи чатагынан кийин он алтыга келип калган идиреги бар жаш баланын «баатырды» жек көрүүсү күчөйт. Ал эми жигит менен кыздын ортосундагы жеке намыс талашуу сынчы К. Асаналиев айткандай «сөздүн толук маанисинде социалдык мүнөзгө өтөт». Окуя ырбап, сюжет чиелене баштайт. Кыз баланын чоо-жайын тартып, канчалык деми бар экенин билет да, эски салттан кол үзүү аракетин кылат. Сөздөрү орундуу жаш бала менен качууга кыз биротоло бел байлап, зордуктун туткунунан бошонуу камылгасына өтөт. Андан аркы сюжет нукура романтикалык мүнөзгө айланат. «Качуу» — жеке мүнөздөгү протест, эски салттан биротоло кол үзүү дегендик эде. Өзүнүн туулган чөйрөсүнө карабай жарыбаган кедейдин баласы менен качуу, мунун үстүнө каргашалуу салтка баш ийбөө — ошол мезгилдин турмуш шартында эң кеминде, эң жогорку чыныгы романтикалуу баатырдык. Ал эми кыздын «баатыр» жигит менен жекеме-жеке беттешүүсү нукура элдик романтика менен толтурулган. «Түлкү качырган бүркүттүн чуусундай күркүрөгөн» добуш менен келе жаткан «баатыр» жигиттен жалтанбай төөнүн мойнун бура тартып, текенин мүйүзүнөн жасалган саадагын кармап кыздын күтүп турушу — элдин гана сүйүүсү, элдин гана романтикасы менен жаралган чыныгы баатыр кыздын образын элестетет» [1, 61–62-б.]. Жекеме-жеке беттешүүдө «баатырга» караганда руханий жагынан алда канча күчтүү келген кыз бул эр таймашта жеңип чыкты. Бул эрөөл ар бир адамды суктандырбай койбойт. Айрыкча кыздын: «Мен антымды орундадым. Сага койгон антымдан сенин эрдигиң үчүн кечтим. Намыс эркек менен ургаачыга бирдей экендигин эсиңден чыгарба!» — деген сөздөрүнө таасирленүү гана керек.

Бардык кыйынчылыктарды жеңип келип, сүйүшкөн жаштар тилектерине жетпей калды. Кызды жолборс жара тартты. Ошентсе да «Күүнүн сырындагы» баатыр кыз жолборско эмес, ошол убактагы каргыш тийген коомдун адилетсиздигине, андагы айрым айбан адамдарга жем болду. Бирок кыз өлсө да, анын асыл максаты, шум замандын түрү суук типтүү өкүлү болгон «баатыр» жигитке каршы жүргүзгөн күрөшү түбөлүккө өлбөстөн, өзүнүн артынан унутулгус тарыхый дабышын калтырды» [2, 37–38-б.]. Зарлыктын комузу дал ошону чертип, күүсү дал ошону дабыштап отурат.

А. Токомбаевдин «Жол жомогу», «Акылмандын жообу», «Даат» ж.б. чыгармалары да ушул Күүнүн сыры” аңгемеси сыяктуу романтикалык мүнөздө жазылган нукура классикалык чыгармалар. Сөз болуп жаткан ангемедеги салыштыруулар, архаизмдер, идиомалар, афоризмдер, көркөм сөз курамалары жазуучунун көркөм сөз менен мыкты иштөө чеберчилигин көрсөтүп турат. Мисалы, «баатырдын» аракет-кыймылы «кекилик алган бүркүтчө», «ок тийген арстандай», «түлкү качырган бүркүттүн дуусундай, бүркүт апчыгандай» деп салыштырылат. К. Асаналиевдин оюу боюнча, «элдик чыгармаларда, шарт боюнча, бул салыштыруулар оң маанидеги типтердин образ системасында колдонулат. Аалы Токомбаев мындай шартты «бузат», бул салыштыруулардын ар бирине автор ирониялык оттенка киргизет».

«Күүнүн сыры» — өзүнүн тилегине, эркиндигине жетпегендердин сыры, караңгычылыктын капасына тумчуккандардын сыры, ошол мезгилдеги социалдык турмуштун, наадандыктын, зордуктун кысымчылыгына каршы тайманбай күрөшкөндөрдүн сыры» [1, 62-б.] экенин ошондогу окурман журту жазбай түшүнгөн. Өзүнүн адам деген атын, адамдык касиетин сактап калыш үчүн дөгүрсүгөн «баатырга» коомдук тузулуштун жетектөөчү кара күчүнө кашкая каршы чыккан кыз менен Зарлыктын айланасындагы окуяларды, ошол армандуу күндөрдү күңгүрөнгөн күүгө салып калган Зарлыктын күүсүнүн сырын ачууга жазуучу бардык күч аракетин, чыгармачылык дараметин жумшаган экен.

Кыргыз аңгемелеринин ичинен көркөм-эстетикалык кунары, сюжети менен композициясы мыкты иштелген, ары кыскалыгы менен кескин айырмаланып турган чыгармаларынын бири — жазуучу Мукай Элебаевдин «Бороондуу күнү» ангемеси. Таланттуу акын, чебер прозаик Мукай Элебаевдин бул аңгемеси өзүнүн адаттан тышкары кыскалыгы, кызыктуу лиризми жана терең психологизми менен ошондогу башка аңгемелерден кескин айырмаланып турат. Бул кичинекей аңгеме кыргыз элинин революциянын алдындагы бүтүндөй бир социалдык абалын алаканга салып койгондой көрсөтө алган. «Мукай Элебаев кыргыз прозасында биринчи болуп азыркы кездеги реалисттик жазуунун тажрыйбасын өздөштүрүп, ошону менен ал замандын духуна ушул кездеги адамдардын сезимине жана ой-максаттарына үндөш болгон чыныгы чыгарманы түзө алган» [3, 3-б.], — дейт жазуучу Ч. Айтматов.

«Отузунчу жылдардын экинчи жарымында Мукай

Элебаев ырды чочугандай анда-санда бир жазып коюп, ыкыласын көбүрөөк кара сөз жагына оодурду,— деп жазат сынчы С. Жигитов. Көркөм адабияттын бул тармагында ал ийгиликтүү иштеп, «Узак жол» жана «Бороондуу күнү» сыяктуу ашкан мыкты табылгаларга ээ болду… Башкаларды ким билет, мен Мукай Элебаевдин художниктик кудурети жана профессионалдык чеберчилиги поэзияга караганда прозада толугураак да, таасыныраак да көрүндү деп эсептейм. Кара сөзгө жөндөмү күчтүүрөөк экенин ал өзү деле сезген болуу керек. Менин болжолумда, ошол жылдары Мукай атүгүл ыр жазганды биротоло токтотуп, бүтүндөй кара сөзгө өтүү жагын ниет кылып жүрүшү да ыктымал эле. Тандамал поэтикалык чыгармаларын «Ырларынын толук жыйнагы» деп чыгарышы да бекеринен эместир…» [4, 157–158-б]. Сынчынын бул болжолунда чындык бардай сыяктанат. Эмнеси болгондо да М. Элебаевдин прозалык чыгармалары анын ырларына караганда жазуучуга атак-даңк алып келген чыныгы чыгармачылык жеңиш болуптур.

Аңгемеде көзгө өзгөчөлөнүп көрүнгөн каарман деле жок, атүгүл алардын аттары да аталбайт. «Кай жылы экени жадымда жок, январь айынын бир суук күнү жолдо келе жатып, кеч кирип бара жаткан кезде, бир үтүрөйгөн боз үйгө бурулдум. Бул бир кашаттан түшө бериште сарайчанын жанындагы жалгыз үй болчу»,— деп баштайт аңгемесин жолоочу. Ошентип, адегендеги көзгө урунган нерсе: бороон улуган кышкы кеч, сукка кайыгып келаткан жалгыз жолоочу бала, кашаттан түшө бериштеги чалдыбары чыккан сарайча, анын жанында жалгызсырап турган үтүрөйгөн боз үй… Мына ушул көрүнүштөн эле жазуучу өзү айткандай, эзелки «сур замандын» бир элеси көз алдыга даана тартылат. Борошо бетке урган чыйыры жок жолдо кечке ачка жөө жүрүп чарчап, андан ары бут шилтөөгө чамасы келбеген учурда гана бала ошол үтүрөйгөн боз үйгө кайрылууга аргасыз болду. Үйдөгүлөр кирип келген жолоочу балага көңүл бөлгөн да жок. Алар эле жыргап отуруптурбу… Жазуучу андан ары үй ичинин «жасалгасын» (интерьер), турмуш-жайын сүрөттөп да отурбайт. Үйдө бир-эки эркек, аял, кемпир, анан «жанындагы кишиге аркасын ыктай, отту карай демитип, этеги жамаачыланган көк мата көйнөгү бар, оттун табына бөрткөн кызыл балтыр, сегиз-тогуз жашар секелек кыз». Бирөөнүн аймончоктой алпештеген жалгыз кызынын кийгени «этеги жамаачыланган көк мата көйнөк». Бүт турмуш-жагдайды автор ачты да койду. Ал эми боз үйдүн сырты эле үтүрөйүп турбастан, ичи да үтүрөйүп тар: «Мага назарын салган ушундан бир кемпир болду. Бери болгондо жетимиштин кырындагы киши. Бул экөөбүздүн ортобуздан тутамдап саман жаккандай жер коюп, катар отурабыз. Отун ным. Бирде жалбырттап жанып кетсе, бирде жалп этип өчүп, үйдүн ичи күңүрттөй түшөт». Чыгарма башталган эле жерден суз замандын суук илеби уруп турат. Алиги күйбөгөн ным отундай бирде жалбырттап жанып, бирде жалп өчкөн турмуштун оту көзүңө чагылат.

«…Бая мен келгенде гана секелек кыздын артында отурган киши: — Алдыңдагы түйүнчөгүң эмне? — деп, менден бир ооз кеп сураган.

— Ал дүйнө дейсиңби, өзүмө жараша бир көр оокат да…

Мындан кийин биз жайыбызда калып, алар өз алдынча боло берди. …Жанымдагы кемпир мага сүйлөп отурат:

— Жетимчиликти көп тарткан экенсиң. Тескейге баратам дедиңби?

— Ооба.

— Ата-энең качан өлгөн?

— Көп жыл болду,

— Кайра ошонуң жакшы, кулунум. Энең байкуш болсо, сен ушинтип жүргөндө: «Балам алда кандай болду экен» — деп, санаркап курубайт беле? Акыры өлбөсөң, бир күн жетилип кетерсиң… Түн ичинде көзү кургур да көрбөйт. Болбосо, тизеңдин береги жерин бүрүп берет элем. Чокоюң да суу… Бул да бир күнү унут болор, балам. Көргөн-билген баары тең артта калмак. Мал да, дүнүйө да эч кимге оопа болбойт.

Ушундан кийин көпкөк тарамыштары саналып турган, калтыраган этсиз арык колундагы жыгач менен отту көсөп жиберип, ошол жерге мелтирей кадалып, тынып, ойлоно калып, кадалган ойдун артынан козголуп коюп, куураган чачынын арасынан кол жүгүртүп, кежиге ченин кашып алды да, мага шыбырачу немедей, жакындай түшүп, акырын гана:

— Бөрк алдында не болбойт. Дос, душманды айрып жүр. Колуңдан келип турган күнү бөйпөңдөп, бак тайган күнү, баса берген киши дос болбос. Жок-барда бирдей болуш керек,— деди.

Аңгемедеги кемпир «Узак жолдогу» Бурмакеге кеп жагынан окшош. Карыпка болгон не бир жылуу сезим аны ушунчалык жылдыздуу кылып көрсөтөт. Кемпирдин купкуу чачы нечен бир кыйын турмуштун, кары тарыхтын күбөсү сыяктанат. Анын жүзүнөн, аракет-кыймылынан, сөзүнөн энелик мээрим төгүлүп, карт жүрөгүнөн жолоочу баладай бечараларга качан да болсо орун табылат. Көпкөк тарамыштары саналып турган арык колу менен канча шордуу баланын башынан сылап, демкүч берди экен. Далай жетим-жесирдин жашын көрүп, мурдагы кундуздай кара чач тигинтип купкуу болгондур. Өчүп бараткан отту көсөп коюп, анан аны телмире тиктеп отуруп калганын карачы! Балким, ал жанагы эле жолоочу балага айткан сөздөрүн кайрадан акыл таразасына салып отургандыр. «Ата-энең барбы?» — деген анын суроосуна жолоочу бала: «Жок, эчак өлгөн» — деген. Ошондо кемпир: «Кайра ошонуң жакшы, кулунум»,— деп жооткотподу беле. Эне-атадан эрте ажырагандын эмнеси жакшы болсун. Бул кемпирдин айласы түгөнгөндүгү сөзү болчу. Эми мына өчүп бараткан отту карап үнчукпай телмирет. Ошол өчүп бараткан оттун ары жагынан не бир түркүн тагдырлар, адам турмушунун чийеленишкен драмалары кемпирдин көз алдынан чубап өтүп жаткандыр. Бүтүн дүйнөнү унутуп жибергендей саамга үнсүз боло калып, анан селт этип жанындагы балага карап: «Акыры өлбөсөң, бир күнү жетилип кетерсиң… Түн ичинде көзү кургур да көрбөйт. Болбосо тизеңдин береги жерин бүрүп берет элем. Чокоюң да суу… Бул да бир күнү унут болор, балам»,— деди. Не деген жылуу сезим, не деген мээрим жатат. «Бөрк алдында не болбойт. Дос, душманды айрып жүр. Колуңдан келип турганда бөйпөңдөп, бак тайган күнү баса берген киши дос болбойт. Жок-барда бирдей болуш керек». Нечен турмуш тажрыйбасынан алынган бул насаатты кемпир көрүнгөн эле кишиге айта да бер-

бейт. Мына ушул чүкөдөй кемпирдин колунан эч нерсе деле келбейт. Аны сезимтал жолоочу бала өзү да билип турат: «Конор-конбосум али ачылган жок. Үй тар, адамы көп. Балким, мына бул казандагы тамак ичилгенден кийин бирөө: «Чырагым, эми жайды көрүп турасың»,— дей турганын ким билди. Мага келгенден ыкласын салып отурган кемпирдин колунда бийлик жогун адегенде эле байкагам. Айтор, не болсо да бул жагынан капарымда жок кишидей камырабай отура бердим, анткени мындайды бүгүн эле көрүп отурган жан эмесмин да!» Автордук бул баяндоодон жолоочу балага мүнөздүү белгилер да ачык боло баштайт [5, 68-б.]. Жыртык тон кийип, айрык шымынан тизеси кызаңдап көрүнүп турган, береги коломтодо от жагып отурган жетим жүүнү боштордон эмес. Ал жазуучу айткандай «токсон тозокту башынан өткөргөн», «кайгыга күлүп, кубанычка жарылбаган» бала.

Жатаар убактагы окуядан кемпирдин мүнөзү дагы тереңирээк ачылат. «Э, ботом, Жийдекан, бул бала эмне болот?» — деди бир кезде ал. Жийдекан да «Апей, катүгүн… мен…» деген сөздөн башка эч нерсе айталбай калды.

— Эми кандай кылам? Төшөктүн баары салынып…

— Баягы тердик кана?

— Аны башка жаздап койбодум беле. Жатарга жер да калбаптыр…

— Иши кылып бирдеме бер. Бол.

— Мен аяп отурамбы? Жүк тирелип тургандай сүйлөйсүңөр да! — деп, бу жерге келгенде кемпирди бир каарып өттү.

Төшөнчү, жаздыктын сыягын өзүм да көрүп турам! Ошентип, туруп, Жийдекан бир кезде жаалап жибергенде далдалчылардын сүрөөнү менен арзан сатылып бараткан малына кейиген кишиче, кынжылып барып эңкейип, канжыгадай самсаалаган тердикти суурул алганда, төшөгүнүн башы жапырайып калды.

— Ушундай эле болот мага — деп, ирегеде жаткан бир кап тезектин жанына тердикти жая салдым. Жаздыгым ошол боло турган. Бут сунар жер жок, Жанымда — коломто. Жатканымдан кийин талпакты сүйрөп келип, үстүмө таштап койду да, кемпир:

— Эртең бороон басылганда кет. Жолдо куруп каласың,— деди күңкүлдөп.

«… От өчтү. Үй жер кепедей караңгы. Жымжырт. Жалгыз гана тыштан улуган бороондун күчү менен илдибары кеткен жаман үзүк делпилдеп, уукту сабап турду… Эртеси бул үйдөн бир адам серпиле электе туруп алып, жолго түштүм. Мунумду кечеги мээримдүү кемпир да билбей калды. Аны кетерде бир байкаганымда — колу, буту мышыктыкындай чогулуп, уйпаланган, жүдөгөн башы койнуна кирип, мууздаган малдай кыркырап жаткан эле. Тышка чыксам, бороон басаңдай тартып калган экен, бирок күн али бүркөө. Кантсе да кечке жетермин деп ишенип, тетиги көк тиреген мунарага окшогон, ак кардуу бийик заңгелди бет алып, жалгыз талаада бара жаттым. Бүгүн карасам, ошондон бери баскан сансыз жол бүлбүлдөп алда кайда калган!..»

Аңгеменин бүт пафосу, аны жаратуудагы жазуучунун бүт көңүл жайы мына ушул саптарда берилген. Жаш жүрөккө кетпес так салган баягы тентиген турмуштун элеси уктап бараткanda да көз алдынан кетпейт. Капкара көрдөй болгон жер кепедей караңгы үй. Жымжырт. Жалаң гана тыштан улуган бороон, илдабары кеткен жаман үзүк делпилдеп, ууктарды сабайт. Мынчалык муңдуу, мынчалык суз эмне деген сүрөттөөлөр, эмне болгон оопасыз турмуш! М. Элебаев турмуштун бурганак бороонунан жалтактабай, кайра ага көкүрөгүн тосуп, тээ алыста, «көк тиреген мунарага окшогон, ак кардуу бийик заңгелге» жетиш үчүн сансыз узак жол басты…

Тилекке каршы, кыргыз адабиятында ошол Аалы Токомбаевдей, Мукай Элебаевдей кыска, чакан, бирок мезгилдин чоң проблемаларын көркөм чагылдырган мыкты аңгемелер жокко эсе, ар бир мезгилдин өзүнө жараша темасы, идеясы, проблемалары болот, көркөм адабият ошолорду ыкчам чагылдыруу милдетин алат эмеспи.

***Адабияттар***

1. *Асаналиев К. Кыргыз совет прозасынын очерки / К. Асаналиев Кыргыз ССР илимдер академиясынын басмасы,— Ф., 1957.— 61–62 — б.*

2. *Бейшембаев К. А. Токомбаевдин прозалары / К. А. Бейшембаев //— Пржевальск, 1962.— 37 — б.*

3. *Айтматов Ч. Т. Кыргыздын жаш искусствосу өсүү жолунда / Ч. Т. Айтматов // Кыргызстан маданияты, 1969.— 10-дек.— 3-б.*

4. *Жигитов С. Ырлар жана жылдар / С. Жигитов — Ф., 1972.— 157–158 — б.*

5. *Мурзахмедова Г.М.— Литература и история — актуальные проблемы взаимосвязи / Г. М. Мурзахмедова // Вестник БГУ им. К. Карасаева, 2012.— № 21.— с. 70.*

6. *Мамытбекова Ч. Фольклорные мотивы в романах Ч. Айтматова / Ч. Мамытбекова // Вестник БГУ им. К. Карасаева.— 2008.— № 1.— С. 122-127.*